Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн алдын ала коргоосу боюнча И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган 13.20.623 диссертациялык кеңешинин кезектеги отурумунун

**№ 6 ТОКТОМУ**

Бишкек шаары 26-март, 2021-жыл

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т. п.и.д., профессор 13.00.02 - төрайым
2. Муратов А. Ж. п.и.д., профессор 13.00.02 – орун басар
3. Омурбаева Д. К. п.и.к., доцент 13.00.02 – окумуштуу катчы
4. Акматов К. К. п.и.д., доцент 13.00.02
5. Ахметова Н. М. п.и.д., профессор 13.00.02
6. Бердибаева С. К. пс.илимд.доктору., профессор 19.00.07 on line
7. Добаев К. Д. п.и.д., профессор 13.00.02
8. Елебесова С. А. п.и.к., доцент 13.00.02 on line
9. Манликова М. Х. п.и.д., доцент 13.00.02
10. Мукамбетова А. С. п.и.д., доцент 13.00.02
11. Мураталиева Н. Х. пс.илимд.канд, доцент 19.00.07
12. Мусаева В. И. п.и.д., доцент 13.00.02
13. Рысбаев С. К. п.и.д., профессор 13.00.02
14. Сыдыкбаева М. М. п.и.д., доцент 13.00.02
15. Укуева Б. К. п.и.д. доцент 13.00.02 on line
16. Чыманов Ж. А. п.и.д., профессор 13.00.02
17. Шакеева Ч. А. пс.и.д., профессор 19.00.07 on line

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар:**

1. Абдраева Н. Э., п.и.к., И. Арабаев ат. КМУ, доценттин м.а. 13.0002
2. Сегизбаева Н. К., п.и.к., И. Арабаев ат. КМУ, доценттин м.а. 13.0002
3. Супатаева Э.А., п.и.к., КББАнын лаб башчысы, 13.00.02
4. Абдыбекова Н. А., п.и.к., КМДТжСА, доценттин м.а 13.00.01
5. Касмалиева Г. О., п.и.к.,И. Арабаев ат. КМУ, доценттин м.а. 13.00.02
6. Нуркулова М. Р., п.и.к.,И. Арабаев ат. КМУ, доценттин м.а. 13.00.02
7. Куканова М. А., п.и.к.,И. Арабаев ат. КМУ, доценттин м.а. 13.00.02

**Отурумдун төрайымы С. Т. Батаканова** п.и.д., профессор
**Отурумдун катчысы Д. К. Омурбаева** п.и.к., доцент

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1.**Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Отурумдун төрайымы п.и.д., профессор С.Т.Батаканова ачып, күн тартибиндеги каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык иштин темасы жана илимий жетекчиси педагогика илимдеринин доктору, профессор В.И.Мусаева 2015-жылдын 27-февралында Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Окумуштуулар кеңешинин № 7 протоколу менен бекитилген.

Диссертациялык ишти кароо үчүн төмөнкүдөй эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Ж.А.
2. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Сыдыкбаева М. М.
3. Педагогика илимдеринин доктору, доцент Муканбетова А.С.

Изилдөө Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрайымы п.и.д., профессор С.Т. Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин актуалдуулугу, максаты, милдеттери, кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевна төмөнкүдөй илимий доклад жасады.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Дүйнөлүк интеграция күчөп турган азыркы мезгилинде кыргыз тилинин орду жана аны окутуу жөнүндө ойлонуу мезгилдин талабы. Биздин коомдун жашоосуна байкоо салып карасак, материалдык байлыктын, бийликтин кулуна айлануу күчөп, адеп-ахлактуулук түшүнүктөр четте калып, сөз түшүнбөгөн түркөй, эки ооз сөздү кошуп сүйлөй албаган, элибиздин менталитетине туура келбеген көрүнүштөр көбөйүп, кайдыгерлик өсүп барат. Студент жаштар кайсыл гана кесипке ээ болбосун алардын кыргызча үлгүлүү кеп ишмердүүлүгү алдыцкы орунда турганда гана мыкты адис катары калыптанаары анык. Ушундан улам, окумуштуу Е.Д.Никитина белгилегендей, дене тарбия окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү кандай гана ишмердүүлүккө даярданбасын, алар балдар менен тил аркылуу пикир алышып иштешкендиктен, дене тарбиясынын, ден соолукту чыңдоочу, кайра калыбына келтирүү дене тарбиясынын адистери болобу, спорттук менеджмент же орто жана жогорку билим берүүнүн окутуучулары, спорттун кайсы бир түрү боюнча машыктыруучу болобу, баары бир кеп ишмердүүлүгү аркылуу бири-бири менен баарлашууга түздөн-түз байланышы болоору бул - чындык.

**Изилдөөнүн максаты:** дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана анын жыйынтыктуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Бул максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечмелөө талап кылынды.

1.Жогорку окуу жайларындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдүн тарыхын талдоо жана анын дидактикалык принциптерин аныктоо;

2. Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдарын педагогикалык эксперименттик метод аркылуу сыноодон өткөрүү.

3. Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу.

**Биринчи милдет боюнча** төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

“Жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана методикалык-изилдөөлөр” деген аталыштагы **биринчи главада** жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтеринде кеп ишмердүүлүгүнүн орун алуусу талдоого алынды. Ал эми жалпы эле тилдерди окутуу боюнча окумуштуу-педагогдор К.Д.Добаев, В.И.Мусаева, Ж.А.Чыманов, М.Х.Манликова, Н.А. Ахметова, А.Мукамбетова жана башкалардын бир катар эмгектерин айта алабыз. Дене тарбиясы жана спорт чөйрөсүндөгү болочок адистердин жалпы эле кеп ишмердигин өрчүтүүнү изилдөөгө О.М.Чусовитна, И.Н.Решетень, И.Х.Кобер, М.В.Прохорова, Н.В.Киршева, И.П.Андриади, И.В.Дятловская, В.П.Косихин, Т.А.Маркина, И.Ю.Люлевич, Е.П.Ильин ж.б. өз эмгектерин арнаган.

**Экинчи милдент боюнча** төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

**“Дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору” аттуу** диссертациянын экинчи главасында изилдөөнүн обьектиси менен предмети төмөнкүдөй аныкталды:

**Изилдөөнүн объектиси:** дене тарбия багытындагы жогорку окуу жайларындагы студенттерге кыргыз тили сабагын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети -** дене тарбия адистигиндеги студенттерге кыргыз тили дисциплинасын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

**Изилдөөдө тарыхый-хронологиялык метод** аркылуу кыргыз тили боюнча алгачкы окуу куралдары талдоого алынды. Ошондой эле, **байкоо методу, салыштыруу методу жана жалпылоо методдору** аркылуу студенттердин билим децгээлдери териштирилди. Тажрыйбанын бардык этабында студенттер менен **аңгемелешүү методу, сурамжылоо методу, анкета алуу методдорун, талдоо методу жана анализдөө, статистикалык методдорду** да жигердүү пайдаландык.

Учурдун талабына ылайык келген ар тараптуу заманбап инновациялык технологияларды мисалы: аудио угуу, видео көрүү, окуу тасмаларын, интерактивдүү доскаларды, көрмө окуу фильмдерин, слайддарды, электрондук окуу китептерин, окуу планшеттерин, интернеттик окуу планшеттерин, тилдик-энциклопедиялык маалыматтык сөздүктөрдү, тексттерди, кептик үлгүлөрдү, диалогдорду, интерактивдик методдорду, жуп менен, топ менен иштөө, изилдөөчүлүк-долбоор түздүрүү методдорун ж.б. алгылыктуу, оптималдуу пайдалануу аркылуу инсанга багыттап окутуу менен проблемалык кырдаал түзүүгө, студенттин кеп ишмердүүлүгүн толук кандуу калыптандырууга улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кастарлай билген, сүйлөө маданияты жогору, адептүү, кыргыз элинин чечендик өнөрүн кадырлай билген студенттерди окутуп-тарбиялоого ыңгайлуу шарттар түзүүгө аракеттер жасалды. Тажрыйба өткөрүлгөндөн кийинки текшерүүнүн жыйынтыктарын сандык жана сапаттык жактан статистикалык ыкмада эсептеп келгенде 1-2-курстун студенттеринин кыргыз тилин окутууда кеп ишмердигин өздөштүрүү деңгээлдери диаграммаларда көрсөтүлдү

**Үчүнчү милдент боюнча** төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

**“Кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин оюндары, акын жазуучулардын чыгармалары, “Манас” эпосу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну жана жолдору“** аттуу **үчүнчү главада** кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук оюндары аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн ыкмалары, формалары иштелип чыкты. «Манас» эпосу аркылуу студенттердин кебин өстүрүүнүн ыкмалары 2-главанын 4-параграфында каралды. Мисалга алсак, *эпостогу акыл-эсти калыптандыруучу оюндар жана кыймылдуу оюндар аркылуу оозеки, жазуу кеп маданиятын өнүктүрүү багытында, лексико-грамматикалык темалардын тегерегинде сабактын үлгүлөрү, окутуучунун лекция-сабагы, эпостун тексти боюнча студенттердин өз алдынча иштери* чагылдырылды.

**ИЗДЕНҮҮЧҮГӨ КАРАТА СУРООЛОР ЖАНА АГА ЖООПТОР:**

**Төрайым п.и.д., профессор Батаканова С.Т.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү изденүүчү **Омурова Айна Молдогазиевнага карата суроонуздарды узатыңыздар.**

**Ахметова Н.А.п.и.д., профессор:** Ваша работа называется “Методика развития речевой деятельности студентов направлению физической культуры” перевод не правильный? Это, во-первых.

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, Менин оюмча, “Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы” аттуу тема орус тилине которулганда “Методика развития речевой деятельности студентов направлению физической культуры” деген аталышта айтылат.

**Ахметова Н.А. п.и.д., профессор:** Во-вторых, вы пишете, что Х.Ф. Анаркулов выделил подвижные национальные игры кыргызского народа и предложил их классификацию. Для чего вы приводите его работу?

**Изденүүчү:** Изилдөөбүз дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү болгонуна байланыштуу биздин академияда педагогика жана спорттун улуттук түрү факультети бар. Мектепке практикага барганда спорттун улуттук түрү боюнча сабак өтүүдө студенттердин терминдерди билүүсү зарыл. Академияда спорттук терминологиялык сөздүк түзүүгө да катышканбыз. Аны азыркы күндө ар бир сабакта колдонобуз.

**Ахметова Н.А. п.и.д., профессор:** Вобще образовательном блоке Государственного образовательного стандарта прописана дисциплина “Кыргызский язык и литература”, а не “Кыргызский язык”. Почему вы рассматриваете кыргызский язык?

**Изденүүчү:** Мамлекеттик стандартта “Кыргыз тили жана адабияты” деген аталыш кийин гана киргизилди. Биздин илимий ишибиздин темасы бекитилген кезде “Кыргыз тили” дисциплинасы деп гана аталчу. Бирок ошого карабастан, 1-2-курстарга 120 саат көлөмүндөгү жумушчу окуу программасына кыргыз адабиятты да киргизүү менен түзүп чыкканбыз.

**Ахметова Н.А. п.и.д., профессор:** Каковы критерии проверки констатирующего, формирующего и контрольного эксперимента? Что вы проверяли? В автореферате написано, что вы рассматриваете и чтение, и аудирование, и говорение, announcementписьмо, то есть все четыре вида речевой деятельности изучали. Каковы были критерии? Это очень трудная работа, и орфографию, и стилистику проверить, и аудирование. Очень много параметров, по которым

проверяют разные виды речевой деятельности. Не понятно, проценты чего представлены и.т.д.

**Изденүүчү:** Албетте, сиз айткандай, текшерүү өтө оор болду, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү боюнча текшерүү бир топ кыйынчылыктарды туудурду, ошондой болсо да, системага салып алып, жазуу иштери боюнча, оозеки сүйлөшүү диологдук, монологдук кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча текшерүү иштерин жүргүздүк.

**Чыманов Ж.А. п.и.д., профессор:**Менин суроом тактоо иретинде, плакаттарда да турат, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө көрүү деген да кошулуптур. Көрүү кеп ишмердүүлүгүнө киреби? Эгерде, жооп жок болсо, алып салууну сунуш кылам.

**Изденүүчү:** Албетте, көрүү кеп ишмердүүлүгүнө кирбейт

**Сыдыкбаева М.М. п.и.д., доцент:** Дене тарбия багытындагы билим алып жатышкан студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн кайсыл иновациялык методду колдондуңуз жана кайсынысы натыйжалуураак болду?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, изилдөөдө тарыхый-хронологиялык метод аркылуу кыргыз тили боюнча алгачкы окуу куралдары талдоого алуу менен бирге эле, байкоо, салыштыруу, жалпылоо методдору аркылуу студенттердин билим деңгээлдери териштирилди. Тажрыйбанын бардык этабында студенттер менен аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета алуу методдорун, талдоо методу жана анализдөө, статистикалык методдорду да жигердүү пайдаландык. Учурдун талабына ылайык келген ар тараптуу заманбап инновациялык технологияларды мисалы: аудио угуу, видео көрүү, окуу тасмаларын, интерактивдүү доскаларды, көрмө окуу фильмдерин, слайддарды, электрондук окуу китептерин, окуу планшеттерин, интернеттик окуу планшеттерин, тилдик-энциклопедиялык маалыматтык сөздүктөрдү, тексттерди, кептик үлгүлөрдү, диалогдорду, интерактивдик методдорду, жуп менен, топ менен иштөө, изилдөөчүлүк-долбоор түздүрүү методдорун ж.б. айрыкча сөздүктөрдүн түрлөрү түшүндүрмө, синонимдик ж.б. менен иштетүү абдан жакшы натыйжалуу болот экен.

**Сыдыкбаева М.М. п.и.д., доцент:** Башка сөздүктөрдөн колдонуп жүргөн экенсиздер. Оюндар, дене мүчөлөрү жөнүндө дагы ж.б. сөздүк түзүү максатыңызда барбы өзүңүздүн сөздүгүңүздү?

**Изденүүчү:** Биздин окутуу практикабызда сөздүктөрдү түзүү абдан керек экендиги билинди. Биздин колубуздагы спорттук терминологиялык сөздүк түзгөнбүз деп жогоруда айтып өтпөдүмбү, дагы келечекте планыбызда бар.

**Мукамбетова А.С. п.и.д., доцент:** Авторефератта таблицаларды түзүпсүз. абдан мыкты таблицалар түзүлгөн экен. Таблицаларды түзүүдө кайсыл критерийлерди жетекчиликке алып түздүңүз?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, биз изилдөөбүздө кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө тил менен кепти биримдикте карадык. Ошону менен бирге эле изилдөөбүздө, негизинен, белгилүү дидакт Я.А.Коменский баштаган бир катар окумуштуулар аныктаган дидактикалык принциптерге таянуу менен дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу алардын кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө аларды орундуу, ыгы менен, жемиштүү пайдалануу оң натыйжаны алып келери аныкталды. В.И.Максимов да бир катар дидактикалык принциптерди келтирген. Биз да аларды жетекчиликке алдык.Дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө билимдин бышыктуулугу принциби дагы кеп ишмердүүлүгүн

этаптары болуп саналган угуу, түшүнүп окуу, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүктөрү менентил менен кептин байланышын окутуп тарбиялоо менен өнүктүрүү, кептик-коммуникативдик ишмердүүлүктү, адистик-кесиптик кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу, оозеки жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу,заманбап билим берүү, теория менен практиканын байланышы принциптерди жетекчиликке алуу менен жана дидактикалык принциптер тууралуу И.Б.Бекбоев өзүнүн эмгектеринде окутуунун негизги үч максаттарды аткаруу позициясында педагог өз сабагына талдоо жүргүзгөндө " Сабактын натыйжасы кандай? Эмне үчүн натыйжа ушундай?" суроолорго жооп издөө жыйынтыктарына көңүл бурууга басым кылган. И.Бекбоев инсанга багыттап окутуу эмгегинде 9 принцибин келтирген. Биз аларды эске алуу менентаблицаларды түздүк.

**Мукамбетова А.С. п.и.д., доцент:**Дене тарбия адистигиндеги студенттерди кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө тиешелүү боюнча кандайдыр бир метод иштеп чыктыңызбы?

**Изденүүчү:** **А**лбетте, дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү багытында атайын биз тарабынан 120 саат көлөмүндө жумушчу окуу программа иштелип чыгып, анда кеп ишмердүүлүгүнүн төрт багыты тең камтылып, адистиктери боюнча терминдерди билүү,кептик, маданий компетентүүлүгүнө ээ болууга үйрөтүү менен окутуу методдору иштелип чыкты.

**Рысбаев С.К. п.и.д., профессор:**Авторефератта көбүнчө спорттук оюндар жана адабиятты үйрөнүү менен кеп ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү боюнча сөз болуптур да, спорттук командалар боюнча сөз жок, спорттук оюн биринчи командалардан башталат да. Куудулдар айтып жүргөн "какайгыла", "шалпайгыла" деген сөздөр кандай ушуларды кандай кылдыңар? Түз тургула менен түздөнгүлөнүн айырмасы барбы?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, биздин академияда аскерге чейинки даярдык факультети бар. Команда берүү маселе эчак эле чечилген. Команда берүүдө"түздөнгүлө", "түз тургула", "эркин тургула" кеңири колдонулат. Айырмасы бар.

**Рысбаев С.К. п.и.д., профессор:**Моделиң мени кызыктырып жатат. Негизги үч нерсе кеп ишмердиги, кеп ишмердигин өстүрүү дейсиң дагы мазмунга басым бересиң. Мазмунга мамлекеттик стандарт, окуу планын киргизесиң. Окуу планы мазмунга киреби, кирбейби? Окуунун мазмунун эмне аныктайт?

**Изденүүчү:** Окуунун мазмунунда Мамлекеттик стандарт, окуу планы, окуу программасы, окуу китептеринин ээлеген орду өтө маанилүү.

**Рысбаев С.К. п.и.д., профессор:**мамлекеттик стандарт эмес, предметтик стандарт, окуу программа аныктайт.Программа дейсиң да тилдин коммуникативдик белгилери, адабий тилдин нормалары,функионалдык стилдер, кептик жанрлар, иштиктүү кеп, публикалык кептин негиздери дейсиңер, ушулар программанын негизин түзөбү, силердин программада эмнени окутасыңар?

**Изденүүчү:**Биздин жумушчу программадатилдин коммуникативдик белгилери болгон адабий тилдик норма, функционалдык стилдердин түрлөрү,көркөм стили, оозеки сүйлөшүү кеп, илимий, публицистикалык стили, фонетикалык, лексикалык, морфологиялык ж.б. темалар окутулат.

**Рысбаев С.К. п.и.д., профессор:**Мына ал сөзүң жок бул жерде, биринчи функционалдык грамматикадан башташ керек кеп маданияты, стилдер, сабак берүүнүн формалары дейсиц сабактын түрлөрү, өз алдынча иштөө, сабактан тышкаркы иштөө бул сабактын формасына кирбейт да, сабактын формасы,

сабактын типтери деген өзүнчө башка нерсе. Кеп маданиятынын бардыгын типтүү каталарга киргизип коюпсуң. Кептин түрлөрү дейсиң да эчтеке жок. Мазмунду, программаны, форманы так аныкташ  керек. Лекциялык, практикалык сабактарды айтыш керек.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:** Перевод на русский язык вашей темы не соответствует киргизскому варианту. Если вы решили указать направление, то направление в нашем вузе -“Физическая культура”. Пишется с большой буквой в кавычках. В киргизском варианте у васнет слов: направление “Физическая культура”.

**Изденүүчү:**“Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы” аттуу тема орус тилине которулганда “Методика развития речевой деятельности  студентов  направлению физической культуры” деген аталышта айтылат.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:** По речевой деятельности есть очень много работ и по кыргызкому, и по русскому, и по английскому языкам,и по другим языкам. Также очень много хороших монографий, учебников. Вы отметили, что новизна вашей работы в методике формирования речевой деятельности у спортсменов.Скажите, в чем новизна развития речевой деятельности у спортсменов, в отличие от других?

**Изденүүчү:**Илимий жаңылыгы 1-ден, дене тарбия адистигиндеги студенттердин сөздүк корун байытуунун жана тилдик асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктар түшүнүктөрүн учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды; 2-ден, студент-жаштардын кыргызча сөздүк корун байытуунун педагогикалык шарттары аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын  теориялык модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү; 3-дөн, дене тарбия адистигиндеги  студенттерге эне тилин окутуунун негизинде алардын кыргызча сөздүк кордун байытуунун кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун  илимий-теориялык жана методикалык негиздери иштелип чыгылды; 4-дөн, дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча  биринчи жолу каралып жаткан илимий иш.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:**Достаточно, четко, ясно прописана научная новизна, но в автореферате не прописано, чем формирование, развитие речевой деятельности студентов-спортсменов отличается от развития речевой деятельности других наших студентов. Рисунок 1 и Рисунок 2 взаимосвязаны? Для чего вы даете эти рисунки? Если вы их привели, значит необходимо дать описание, объяснение, подтвердить примерами. Рисунок 2 - Речевая деятельность. Уже сказали о том, что основные виды речевой деятельности - аудирование, говорение, чтение, письмо. Вы же сюда вносите: видеть, слышать, разговор. Откуда вы это взяли?
Новизна вашей работы должна была заключаться в том, чтобы определить, какие ошибки допускается студенты-спортсмены при чтении, письме, говорении, аудировании. Исходя из этого, дальше разрабатывается вашаметодика.На стр.11 вы даете стандартные уроки и перечень нестандартных уроков. Для чего опять приводите картинки и схемы?  Непонятно, проводили ли вы эти занятия или не проводили. Какие из них вы проводили, по каким темам кыргызского языка?Просто так давать картинки-диаграммы не надо. Сколько уроков вы провели по вашей методике формирования речевой деятельность на первом курсе,  на втором курсе? У вас два курса студентов на трех факультетах. Какие уроки, по

каким темам вашей программы вы провели,и какие виды речевой деятельности развивали? Что обнаружили в результате? Можете сказать?

**Изденүүчү:** албетте кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча жогоруда айтып өткөндөй биз тараптан 120 саатка окуу программа түзүлгөн. 1-курста -88 саат, 2-курста 32 саат , ошол боюнча угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү боюнча иштерди аткардык. Педагогика факультети боюнча 197 студент, машыктыруу факультетинен 97 студент, ошондой эле, аскерге чейинки даярдоо факультетинин студенттери катышып, жогоруда айтылган методикалар менен иш алып бардык.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:**Сколько уроков на первом курсе, на втором курсе,и по каким темам проводили, и что вы на этих уроках делали? Вот что мы от вас ждем. Как вы формировали, развивали речевую деятельность студентов на этих уроках?Можно все сказать: «инновационные технологии», «аудио», «видео», «электронный учебник», «учебные планшеты», «работа в парах».Скажите конкретно, по каким темам и как вы развивали навыки говорения, чтения, письма, аудирования. Чему вы научили студентов? Что они умели, и чему они научились?

**Изденүүчү:**Биз тараптан түзүлгөн 120 сааттык окуу программасы боюнча түзүлгөн 1-курста (88с.) жана 2-курста (32с.)практикалык сабактар өткөрүлдү. Биздин программабызда А.Осмоновдун ден соолукка байланыштуу, Ата журт чыгармалары аркылуу студенттердин кебин өстүрүүгө “Манас” эпосундагы улуттук оюндар ордо, тогуз коргоол жана чүкө оюндарындагы сөз, терминдер жөнүндө, тексттер менен иштөө, ден соолукка кам көрүү, студенттерге дил баян-эссе жаздыруу, текст түздүрүү, өзүнүн оюн сүйлөп берүү, Алыкулду туурап, ыр жазганга шыктандыруу, текстке чейинки, тексттен кийинки көнүгүүлөрдү иштетүү, реферат жаздыруу, кыска же толук конспектилөө, иштерин жүргүздүк. Жецижоктун, Барпынын, Токтогулдун санат ырларындагы студенттерди адептүүлүккө тарбиялоо, текстти алып синоним, омоним, антоним сөздөрдү таап, сөздүк жазуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:**на странице 13 опять Рисунок 5 «Виды, функции, стратегии обучения в вузе». Раз вы даете опять же этот рисунок, поясните, для чего и что с этим делали на уроке, какие результаты получили, для чего опять полстраницы автореферата заняты этой картинкой? Можете объяснить конкретно, что вы получили на констатирующей этапе по говорению, по письму, по чтению, по аудированию? На первом курсе?На втором курсе? Где образцы ответов, примеры заданий, где ваша система заданий для проверки уровня речевой деятельности на первом, на втором курсах (там разные темы, разный уровень знаний)? Что вы делали на формирующем этапе? По какой системе, по какой методике работали, где эта методика развития речевой деятельности, чем она представлена, какими упражнениями, заданиями, текстами?

Потом вы сразу описываете результат контрольного этапа и приходите к выводу, что в итоге уровень усвоения всего лишь 7 %. Тогда скажите конкретно по четырём видам речевой деятельности.На сколько вырос % по говорению, по чтению, по письмо, по аудированию. Дальше на стр. 16 опять картинка по развитию речевой деятельности через кыргызские народные подвижные игры. Перечисляете игры Анаркулова, а как развивали говорение, чтение, письмо, аудирование не пишите. Где примеры, образцы, где система заданий? Отличается

ли культура речи от речевой деятельности? Или это одно и тоже? Почему у вас везде речь идёт о культуре речи?

**Изденүүчү:** Жогоруда айтылгандай, темадакеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн тең бирдей алып, кыйындыкка турду, ошондой болсо да, биз системага салып алып, иш алып бардык. Тогуз коргоол, ордо оюндарында, чүкө оюндарында кездешкен сөздөрдү түшүндүрмө сөздүктөр менен, студенттердин кесипттик кеп ишмердүүлүгү боюнча терминологиялык сөздүктөр менен иштөө ж.б. Кеп ишмердүүлүгү бул - кеп маданиятына даярдоочу этап болуп саналат. Кеп ишмердүүлүгү боюнча орус окумуштууларынын өкүлдөрүнөн айта кетсек Выготский Л.С., Леоньтев А.А., Жинкин Н.И., Зимняя И.А. өздөрүнүн эмгектерин арнашып, терең изилдөө жүргүзүшүи фазаларга, түрлөргө бөлүштүрүшүп, жалпыпсихология менен байланыштуу экенин белгилешкен.

**Манликова М.Х п.и.д., доцент:**Культура речи – отдельная тема.Зачем вы смешиваете развитие речевой деятельности с развитием культуры речи? Тогда вы должны были развивать точность, логичность, уместность, выразительность, богатство.

**Изденүүчү:**Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү студенттерде калыптангандан кийин бара-бара кеп маданиятына ээ болушат.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**дагы кимдесуроо бар? Суроо жетишетко дейм, жок болсо талкууга өтөлү. Талкууга чейин илимий жетекчисине сөз берели.

**Мусаева В.И. п.и.д., доцент:** Айна Молдогазиевнаны мыкты жетекчи, мыкты педагог, мыкты практик, компетенттүү адис, кыргыз тилчи деп, Минавар Халыковна мага алып келип, тааныштырып, темасын бекиткенбиз. Айна Молдогазиевна менен кеп ишмердүүлүгүн, спорт адистигиндеги студенттердин кебин калыптандырууну алгандыгыбыздын себеби - ар бир адистиктин чыныгы ээси катары, келечектеги педагог студент өзүнүн кесиптик адистигине төп келгидей кыргызча кеп ишмердүүлүгүнө ээ болуп чыкса гана өз кесиби боюнча татыктуу адис катары өзүнүн кесиптик-адистик кыргызча кеп ишмердүүлүгүнө ээ болот деген принциптин негизинде ушул теманы тандаганбыз. КРнын Президенти Садыр Нуркожоевичтин 2021-жылды “Инсандын руханий адеп-ахлаттык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгына, Айна Молдогазиевнанын жактоосу дал ушул жылга туш болуп отурат. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясына быйыл 65жыл толгонуна карабастан, кыргыз тили боюнча буга чейин бир да илимдин кандидаты болбоптур.Ишин практик тилчи, адис катары мыктылап иштеди. Алгачкы талкуусун Минавар Халиковна өзү өткөргөн. Терминологиялык сөздүк түзүүгө катышкан. Алдыда монография чыгаралы деп даярдап жатабыз. Алдын ала коргоодо жогоруда айтылган сын-пикир, сунуштарды карап, иштеп чыгат. Сиздердин ой-пикирлериңиздерге терең ыраазычылык билдиребиз. Сиздерди колдоп берет деп ишенебиз.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**Сизге чоң рахмат. Эмесе, талкууга өтөлүк. Сөз профессор Нурлана Алымкуловнада

**Ахметова Н.А. п.и.д., профессор:** Диссертация у Айна Молдогазиевны очень актуальна, потому что, на моей памяти уже пятый год в нашем диссертационном совете и никто на такую тему не обсуждался. Я знаю, что это важная тема - обучение языку студентов разных специальностей.

Конечно, у меня очень большие претензии к автореферату. Во-первых, это не научный стиль изложения. Переведено очень плохо, название тоже плохо

переведено. Потом,при развитии речевой деятельности студентов, в первой главе,соискатель должна была раскрыть методологические, научно-теоретическиеосновы исследования. Что она понимает под речевой деятельностью;уточнить, что она рассматривает четыре вида речевой деятельности или формирует только разговорную речь, или развивает культуру речи. Там есть лексика, фразеология, научный стиль должен быть. Автореферат дорабатывать. Поэтому думаю еще рановато её рекомендовать.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**Сизге чоӊ рахмат. Сөз профессор Сулайман Казыбаевичте

**Рысбаев С.К. п.и.д., профессор:** Ар бир таблицалар, схемалар суроо туудуруп жатат 8-б. кеп ишмердүүлүгүндө тил менен кептин байланышы дейт фонетика, морфология, синтаксис, лексика, стилдер анан монологдук кеп, кантип фонетика менен монологдук кеп байланышат, кантип лексика менен полилогдук кеп байланышат, кантип синтаксис ички кеп байланышат, кантип морфологиялык кеп менен диологдук кеп байланышат. Принциптерди айтыпсыӊ Максимовдук, Бекбоевдики жүрөт. Кыргыз тили боюнча Жеӊиш Ариповичтен методологиясы боюнча кандай принциптерди келтирген муну айтыш керек. Экинчи главада изилдөөнүн объектиси дейсиӊер да эки-үч сүйлөм жүрөт. Окутуу прцесси бүттү, ошону менен токтосоӊор болмок. Изилдөөнүн предмети өстүрүү проблемалар материалдары предметке кирбейт да. 12-б. кеп ишмердүүлүгү аркылуу компетенттүүлүккө ээ кылуу текстер менен иштөө, долбоор түздүрүү, адистикке багыттоо жана жазуу кеп ишмердиги ушуну эске алгыла. Тасмадан угузу деп жүрөт уктуруу деп айтыш керек. 21-беттеги моделиӊерди тактоо керек. Бирок маселе туура, кесиптик лексика.Кесиптик лексика Биялиевдин сөзүн айтыпсыӊар практикалык грамматика деп ар бир мисалы физкультурнике, юристтерге, экономисттерге ж.б. баардыгына өзүнчө функционалдык грамматика же практикалык грамматика ошондой болуш керек, андан кийин кесиптик минумумдарды түзүш керек. Сөздүгүӊөр бар экен бул жакшы эми минумумдарды түзгөндөн кийин анан кесиптик лексика плюс кесиптик ишмердүүлүктүн моделин элестетсеӊер болот. Себеби юрист юрисче кыргызча сүйлөш керек, физкультурник ошол кесиптик минумумдар менен сүйлөш керек.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**Сизге чоӊ рахмат. Сөз профессор Абдыкерим Жаркынбаевичте

**А.Ж.Муратовп.и.д., профессор:** Урматтуу изденүүчү, иштин пайдасы үчүн бир топ нерселерди айтышка туура келип турат. Орус тилде жакшы билген адистер айтып жатышпайбы тема туура эмес. Бул кыргызчадан кетип жатат.Ошол үчүн жогорку аттестациялык комиссия талап кылып калды, методикалык эмгектер методикалык кафедраларда гана бекитилсин деп талап кылып калды. Эми бул тема мурда КМДТжСАда бекитилген экен.Айна Молдогазиевна колунузда автореферат кыргызча барбы. Бул жерде бизге аябай ыцгайлуу нерсе актуалдуулугун жазып келгенден кийин карама-каршылыктарды жазып жатабызда сизде карама-каршылык жок болуп жатат да кайсы карама-каршылыктан кийин ушул жазылды деген 6-б. биринчи глава, экинчи глава, үчүнчү глава деп жазыштын кереги жок да. Азыр талап кылбай калды. 8- б. Абромзондун 46 деп турат бул эмне туулган жылыбы жазуунун кереги жок. Эмгеги десеӊ 20- жылдан тартып өмүрүнүн аягына чейин Кыргызстан тууралуу этнографиялык жана кыргыздын улуттук оюндары боюнча жазган, жылдарынын кереги жок. Кыргыздардан Актан Тыныбек уулу бул окумуштуу эмес изилдөөчү, Ө.Өмүрзаков бул ким 58жыл дейт Д.Өмүрзаков болсо

стадиондун аты ушул кишинин атынан коюлган,спортко толук жазыш керек. 9-б. кайталоолор астындада, үстүндө да бир эле сүйлөм турат. Алыкулдун ырын бергениңиз байланышпай турат сиздин темаңызга. Эмгектериңизди аягында чагылдырганыңыз, мисалы, кайсы жылы 1. Омурова деп турат атайын чыгарылыш экен адабияттардын номерлерин жазыш керек. Адабияттардын жазылыштарын стандартка тууралап жазыңыздар кеп ишмердүүлүгү болуп жаткандан кийин ушундай нерселерди эске алыңыз.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**Сизге чоң рахмат.

**Шакеева Ч. А., профессор:**

По диссертацинной работе Омуровой А.М.:

1. В работе неубедительно, неувязно представлена «Актуальность исследования».

2. Нет доказательной базы «Новизны полученных результатов».Изложение очень сумбурное, иногда без смысловой связки.

3. Соискатель ссылается на психологические исследования А.А. Бодалева, В.А. Якунина (кстати моих учителей), хотя этими проблемами они не занимались и не изучали.

4. Не представлены для обсуждения задачи исследование.

5.Теоретическая, методологическая основа даётся через набор понятий, предложений без глубокой проработки.

6. Стиль изложения порой не научный, без смысловой нагрузки, иногда скорее даже патетический.

Считаю необходимым,рекомендовать соискателю доработать, а затем еще раз вернуться к обсуждению данной работы. Спасибо.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор:**талкуунуушуну менен бүтүрөбүзго дейм. Кийинки сөз эксперттерде.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы,п.и.д., профессорЧыманов Ж.А.:**Урматтуу кесиптештер бүгүнкү талкууланып жаткан иште көптөгөн талаш суроолордун бардыгы диссертациялык иштин темасынын аныкталышынан көрүнүп турат, сиздер өзүңүздөрда айтып жатсыздар. Тема конкреттүү алынбаганына байланыштуу айрым талкууга түшүп жаткан кемчиликтер ушуга байланыштуу деп ойлойм. Эми эксперт катары Айна Молдогазиевнанын диссертациялык иши менен мен 2018-жылдан бери таанышмын. 2018-жылы өзүнүн демилгесиби же илимий жетекчисинин демилгесиби толук окуп чыккам. Диссертациялык иштин эң негизги ийгилиги катары - дене тарбия академиясынын60 жылдан ашып калыптыр ошондой болсо да кыргыз тили боюнча диссертациялык иш жазылбаган. Бул методикалык эмгек менен Айна Молдогазиевна баштоочу болуп отурат - бул жаңылыгы. 2018-жылы жазган пикиримде диссертацияны баштан аяк окуп чыгып, мен тогуз кемчилигин бергем. Жогоруда кемчиликтерди оңдоо менен коргоого сунуш кылам деп. Тогуз кемчилик болчу, ар бир кемчилик боюнча мисалы: иштин киришүү бөлүгүн толугу менен кайра иштелиши зарыл деп ушул сыктуу кемчиликтер айтылган бул 2018-жылы болгон окуя. 2020-жылы кайрадан келди бул иш кафедрада талкуулангандан кийин болуш керек. Кайрадан ишти окуп чыктым биз көрсөткөн тогуз кемчиликтин бардыгын оңдоого аракет кылган. Мен бул ишке кемчиликтерин айткандан тажабадым, изденүүчү кемчиликтерди жоюудан тажабады мен изденүүчүнүн ошол аракеттерин баалайм. Аракет бар. Канчалык деңгээлде оңдолду бул башка маселе. Айтайын дегеним, бул талкууга чейиндиссертациялык ишти үчүнчү жолу окуп чыгып, эксперт катары бүтүмүмдү

чыгардым. Жалпы маселени айтсам диссертациялык иштин темасы актуалдуулугу жана так эместиктерине карабастан дене тарбия институтунда кыргыз тилинокутууга карата диссертациялык иштин жазылып жатышы кеп ишмердүүлүгү боюнча чындыгында колдой турган иш. Ар бир окуу жайында адистигине карабастан кыргыз тилин окутуу боюнча ошол окуу жайында адистик өзгөчөлүктөрү болот. Диссертациялык иш эчак эле жазылыш керек болучу, бизде өкүнүчтүү бул багытта иштер али колго алынбай келет. Диссертациялык ишке эксперт катары жалпы маалыматтарды айтайын диссертациялык иштин мазмуну диссертациялык кеңешке дал келиши боюнча диссертациялык иш темасы, жалпы мазмуну боюнча окутуунун 13.00.02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине толук дал келет. Объектиси, предмети, максаты жөнүндө так эместиктер кеткен. Авторефератта тактап койдум ошого карап оңдойсуздар. Изилдөөнүн жаңылыгы теориялык баалуулугу жөнүндө жаздым, жыйынтыктары жөнүндө белгилүү нерселерди айттым. Бүгүнкү талкуу кандай жыйынтык чыгарат ошого карап туруп, биз өзүбүздүн пикирибизди айтабыз. Биздин оюубузча, Айна Молдогазиевна ушунчалык аракетине, оңдоого, жакшыртууга, толуктоого карата жасап жаткан аракеттеринен улам, биз конкреттүү тапшырмаларды берип, конкреттүү адамдар анын ичинен илимий жетекчи болуп, ошол көрсөтүлгөн жумуштарды оңдоп чыгуусу менен коргоого сунуш кылабыз. Бул диссертациялык иш талапка толук жооп берет жана ишти коргоого сунуштаймын.

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү п.и.д., доцентМукамбетова А.С. жана п.и.д., доцент М.М. Сыдыкбаева да** диссертациялык иш талапка толук жооп бергендиктен ишти коргоого сунуштаарын айтышты.

Эксперттин төрагасы, п.и.д.профессор Ж.А.Чыманов биринчи, экинчиоппоненттер жана жетектөөчү мекеме менен тааныштырып, буларды сунуштады.

**Биринчи расмий оппонент –** Жусуп Баласагын атындагы Кыргызулуттук университетинин кыргыз филологиясыфакультетинин профессору, педагогика илимдеринин доктору Чыманов Жеңишбек Арыпович

**Экинчи расмий оппонент** –Разаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин кыргыз тили кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидатыИсираилова Акдаана, эмгектери бар.

***Жетектөөчү мекеме*** – С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана кыргыз адабияты кафедрасын сунуш кылабыз.

**Төрайым Батаканова С.Т. п.и.д., профессор** аталган 1-, 2- оппонентке жана жетектөөчү мекемеге макул болушса, кол көтөрүп коюусун суранды. Бардыгы - 17.Макул – 14, каршы – 2, калыс - 1

Жогоруда изилдөөчүнүн баяндамасын, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаттык) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү **Омурова Айна Молдогазиевнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)** адистиги боюнча **«Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелинсин жана бүтүм бекитилсин.

2. Изденүүчү **Омурова Айна Молдогазиевнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили)** адистиги боюнча **«Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелинсин жана коргоого сунушталсын.

**Отурумдун төрайымы,**
**п.и.д., профессор:** **С.Т. Батаканова**

**Отурумдун катчысы**
**п.и.к., доцент:** **Д.К. Омурбаева**